**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 1-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э. Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, К. М. Киргизбаев, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун

жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о «Жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана жарандар Г. А. Джитишикованын жана У. Э. Аширбековдун жаран Ю. М. Заботуриндин кызыкчылыгындагы өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 14-майында жарандар Г. А. Джитишикова жана У. Э. Аширбеков жаран Ю. М. Заботуриндин кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 338-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3, 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.

Арызданууучулардын ою боюнча талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда аталган ченемдерине ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүк төмөнкү жагдайлардын натыйжасында пайда болду.

Чүй областынын Сокулук райондук сотунун өндүрүшүндө Д. П. Заботуриндин Ю. М. Заботуринге жазган арызы боюнча жарандык иш бар. 2015-жылдын 7-апрелинде соттук отурумдун жүрүшүндө Ю. М. Заботуриндин өкүлдөрү тарабынан иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө өтүнүч берилген, Чүй областынын Сокулук райондук сотунун 2015-жылдын

8-апрелиндеги аныктамасы менен өтүнүч канааттандыруусуз калтырылган. Бул аныктама Ю. М. Заботуриндин өкүлдөрү менен Чүй областтык сотуна даттанылган. Бирок, Чүй областынын Сокулук райондук соту 2015-жылдын 23-апрелиндеги каты менен Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 338-беренесине шилтеме келтирүү менен, иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу ишти мындан ары кароого кедерги болбойт, ал эми мындай аныктамага каршы пикир апелляциялык даттанууга кошулуп берилиши мүмкүн деп белгилеп, жеке даттанууну кайтарып берген.

Ушуга байланыштуу, арызданууучулар талашылып жаткан ченем алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эч кандай чектелүүгө жатпаган соттук коргонууга болгон конституциялык укугун, ошондой эле чечимдерге, өкүмдөргө жана башка соттук актыларга даттануу укугун бузуп жатат деп эсептешет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы жаран Э. А. Абылкасымовдун жаран М. С. Кусматовдун кызыкчылыгындагы кайрылуусу боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 2-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2015-жылдын 27-мартындагы аныктамасы менен төмөнкү негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси соттук актылардын мазмуну, таризи жана маанисине карата аларды арадагы жана жыйынтыктоочу кылып бөлөт.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 197-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ишти маңызы боюнча чече турган соттун чечими жыйынтыктоочу акт болуп саналат, анткени дал ушул акт менен жарандык иш боюнча өндүрүш аяктайт. Мыйзамдуу күчүнө кире элек жана

кирген соттун актыларына даттануу тартиби Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 39 жана 39-1-главалары менен жөнгө салынат.

Өз кезегинде, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 225-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ишти маңызы боюнча чечпеген соттун аныктамасы арадагы соттук актылардын санына кирет. Ошондуктан арадагы соттук актыларга даттануу зарыл процесстик иш аракеттер жүргүзүлүп, иш маңызы боюнча сот тарабынан каралып жана пайда болгон талаш боюнча акыркы акт чыгаруу жолу менен иш чечилгенден кийин жыйынтыктоочу акт менен чогу жүргүзүлөт.

Жыйынтыктоочу чечим чыкканга чейин арадагы актыларга даттануу маселесинен бөтөн катары Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинде ишти андан ары кароого кедерги боло турган арадагы актыларга даттануу укугу каралган. Арадагы актыларды мыйдай укуктук жөнгө салуу сот адилеттигин ишке ашыруунун ажырагыс бөлүгү катары саналган процесстик үнөмдөө жана соттук актылардын укуктук аныктыгы принциптери менен шартталган. Башкача жөнгө салуу соттук процесстин негизсиз чоюлушуна жана ишти ылайыктуу мөөнөттө кароо принцибинин бузулушуна алып келмек, ал эми бул жыйынтыгында процесстин катышуучуларынын укуктарынын бузулушуна алып келмек.

Судьялар коллегиясы арадагы актылар боюнча соттун мындай укуктук көз карашы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 29-декабрындагы № 63-Р чечиминде келтирилген деп аныктады. Анда арадагы актка жыйынтыктоочу акт менен чогу даттануу мүмкүнчүлүгү кайрылуу субъекттеринин андан аркы сот инстанцияларында өзүлөрүнүн укуктарын коргоого кедерги болбойт жана чектебейт.

Ар кимдин соттук коргонууга болгон укугу, укуктун бардык субъекттерине көз карандысыз жана адилет сот тарабынан тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугунун негизинде жүргүзүлгөн сот адилеттигине эркин жана бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылууну, ошондой

эле укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, анын ичинде соттук катачылыктардан да коргоону божомолдойт.

Сот адилеттигине мүмкүнчүлүк кызыктар адамдын сотко бузулган укугун коргоо, калыбына келтирүү максатында кайрылуу мүмкүнчүлүгүн билдирет. Бул максаттарда Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси менен мыйзамдуу күчүнө кире элек соттук актыларды кароочу апелляциялык сот инстанциядагы, ошондой эле мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды кайра кароочу кассациялык жана көзөмөл сот инстанциялардагы соттук актыларды кайра кароо институту каралган.

Ошондой эле, соттук коллегия Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын мындай укуктук көз карашы 2014-жылдын 31-январындагы № 08-Р, 2014-жылдын 3-декабрындагы № 09-Р, 2014-жылдын 19-декабрындагы № 60-Р, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 63-Р чечимдеринде келтирилген деп белгилеген.

Ошентип, арадагы соттук актыларга даттануу тартиби Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароосунун предмети болгон жана ал боюнча өз күчүн сактаган чечим бар.

Жарандар Г. А. Джитишикова жана У. Э. Аширбеков жаран Ю. М. Заботуриндин кызыкчылыгында судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о аныктамасы менен макул болбостон, 2015-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылышкан.

Арызданууучулар өзүнүн даттануусунда алар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 338-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3, 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө конкреттүү талап менен кайрылгандыгын көрсөтүшөт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун

Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өзүнүн 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о аныктамасында талашылып жаткан ченемдин конституциялуугу каралбаган 2014-жылдын 31-январындагы № 08-Р, 2014-жылдын 3-декабрындагы № 09-Р, 2014-жылдын 19-декабрындагы № 60-Р, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 63-Р чечимдерге шилтеме кылды деп белгилешет.

Ошондой эле, арызданууучулар арадагы соттук актыларга даттануу маселеси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароосунун предмети болгон деген судьялар коллегиясынын көз карашынын негизсиздиги жөнүндө жана Кыргыз Республикасында мыйзамдын аналогиясына же болбосо укуктун аналогиясына жол берилет, бирок соттук чечимдердин аналогиясына жол берилбейт деп белгилешет.

Ушулардын негизинде жарандар Г. А. Джитишикова жана У. Э. Аширбеков жаран Ю. М. Заботуриндин кызыкчылыгында судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранышат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Судьялар коллегиясынын соттук коргонуу укугун ишке ашыруу маселеси боюнча, анын ичинде 2014-жылдын 31-январындагы № 08-Р, 2014-жылдын 3-декабрындагы № 09-Р, 2014-жылдын 19-декабрындагы № 60-Р, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 63-Р чечимдерде камтылган арадагы жана жыйынтыктоочу соттук актыларга даттануу укугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз карашы бар деген жыйынтыгы негиздүү деп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өз ишинде каралган маселелер боюнча Конституциялык палата тарабынан иштелип чыккан укуктук көз караштарды камтыган чечимдерди эске алуу

менен Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамды жетекчиликке алат.

Ушуга байланыштуу, окшош укуктук мамилелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштарына шилтеме кылуу соттук чечимдердин аналогиясын колдонуу катары бааланбашы керек, анткени Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук көз караштары анын конкреттүү ченемдик укуктук актыларга эмес, маанилүү укуктук кубулуштарга болгон мамилеси катары түшүнүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуугу Конституциялык палата тарабынан текшерилсе жана анын өз күчүн сактаган актысы бар болсо, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат. Аталган ченем кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негизи катары өзүнчө ченемдин гана эмес, укук маселенин конституциялуугунун мурда текшерүүсүн белгилейт. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 31-январындагы № 08-Р, 2014-жылдын 3-декабрындагы № 09-Р, 2014-жылдын 19-декабрындагы № 60-Р, 2014-жылдын 29-декабрындагы № 63-Р чечимдеринде арадагы соттук актыларга даттануу маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн укуктук көз карашын билдирип койгондуктан судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан мыйзамдуу баш тарткан.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о «Жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы кайрылуусун

өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 24-июнундагы № 35-о «Жарандар Гульнара Аскарбековна Джитишикованын жана Улукбек Эргешевич Аширбековдун жаран Юрий Михайлович Заботуриндин кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канаттандырылуусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**